# Ыйыса Машаяктын Туулган Күнүнө карата Москванын жана бүт Орусиянын Патриарх КИРИЛДИН

**Ыйыса Машаяктын Туулган Күнүнө карата Москванын жана бүт Орусиянын Патриарх Кирилдин**

**архипастырларга, пастырларга, монахтарга жана бүт Орусиянын Православия Чиркөөсүнө ишенген балдарына кат**

**Урматтуу кесиптеш архипастырлар, ыйык кызмат кылуучулар, Кудайды сүйгөн диакондор, адилеттүү иноктар жана бир туугандар!**

Азыркы жаркыраган түндө биз кайрадан руханий биздин Куткаруучубуздун тынчтык кубанычын башыбыздан өткөрүп жатабыз. Бетлеемдеги бешикте жаткан Тирүү Кудайдын Уулун оюбуз менен кайрадан көрүп жатабыз. “*Эң жогорудагы Кудай даңкталсын жана жер үстүндө, анын жактыруусуна ээ болгондордун арасында тынчтык болсун*” (*Лк.2.14*), деген даңктоону Жаратуучу, жана Куткаруучуга болгон Периштенин үнүн кайрадан өзүбүздүн жүрөгүбүздө угабыз.

Ар бир адамдын тагдырына Ыйса Машаяктын төрөлүшү тиешелүү экенин Асмандагы күчтөрдүн даңктоосун укканда биз сезебиз. Түбөлүк өмүргө ээ болуп, Кудайдын Баласы болуп, Чындыкты таап алалат, эгерде ал эмгиче Куткаруучунун эрдигин билелек болсо да. Ал эми өзүбүз жөнүндө бул чындыкты түшүнүп, жана өздөштүргөнгө Ыйсанын Төрөлүшү бизге ачып берет.

Эстей кетели, биринчи адамды Жаратуучу жеткилең кылып жараткан. “*Биздин түрүбү згө окшотуп, Биздин кейпибизге окшотуп жараткан*” (*1 Муса 1.26*). Бирок *у* Адам мыйзамды аткарбай, өзү жөнүндөгү Жаратуучунун оюн бузду. Кудай менен болгон тирүү мамиледен ажырап, адамзат кайрадан кайра орду түбү жок текеберчиликке толду. Жана ошондо Кудай, Өзүнүн жаратканын сүйүп, жана куткарууну каалап, дүйнөгө жалгыз Тубаса Уулун жиберет, Ал адамдын толук жаратылышын толуктап жана Жаңы Адам болду. Машаяк бизге Кудайдын адам жөнүндө оюн көргөзтү. Бул мисал багытын табууга, жолдон адашпаганга жана жалгыз багыттоо,

жердеги толук өмүргө жана түбөлүккө алып барат.

Биз Кудайдын чакырыгына кулак салганда, ушул куткаруучу жолдо бараткан болобуз. Ушундай чакыруунун жолу (*1 Кор. 6.20*) айтылган: “*Ошондуктан Кудайды денеңер менен даңктагыла*”. Ошондуктан биз Кудайга даңктоону, сыйынуу, же мактоо аркылуу эле эмес, бирок жакшы иштер аркылуу жакындарыбыз үчүн, өзүбуздүн элибиз үчүн, Жыйындын жакшылык үчүн алып барабыз.

Мындай эмгек кубанычтын эмгеги болот Машаяк үчүн, ал бизди курчаган дүйнөнү өзгөртөт, жана өзүбүздү дагы. Эл биримдикке жетишет, өзүнүн пайдасыны издебей, бирок жакшы жана пайдалуу иштерди жасаганга жетек алат. Анын эркин аткарып, биз чогу Жаратуучуга кызмат кылабыз, грек тилинен алынган сөз “литургия” – “жалпы иш” деп которулат. Биздин бүт өмүрүбүз Литургия болуп калыш керек, жалпы сыйынуу, жана жалпы кызмат, Кудайдын оюн дүйнө жана адам жөнүндө аткарып, а мактоону жана даңктоону Жаратуучуга арнап. Бул иш бизден биримдикте ишенген жана ишенелектердин ортосунда, ким Кудайды жүрөгүнө кабыл ала элек, бирок жакшы кабардагы даанышмандардай болуп, Ага сапар улап бараткандай болот. Өрттөр, кургакчылык жана суу ташкындары өткөн жылы Орусияда болду, бул кыйынчылыктарды жалпы аракет менен жеңишти. Булар дагы бир жолу бизге месихчилердин милдетин эстетти – улутуна, абалга карабастан жакынына жардам берүү. Жайкы ысык убакыттарда, көп элдер өздөрүнүн күчү менен, убакыты, жана болгон нерселери менен көрүп жана билбеген адамдар менен бөлүшүштү. Буларды кимдер үчүн жасап жатышты? Кимге жардам керек болсо, ким кыйналып жана азап чеккендер менен кошо болгонго жазап жатышты.

Жалпы биримдик, жалпы кызмат кылуу менменсинүүчүүлүктөн, өзүнун кызыкчылыугун издөөдөн бошонбосо жалпы максатка жетүү кыйын болот. (*Еф.4.3*) айтылгандай: “*Рухтун биримдигинде*” мыйзамдын сүйүсү биздин Куткаруучубуз убада берген чындыкта жатат. Элдердин биримдиги кичинекей кыйынчылыктар менен чектелбеш керек. Ал биздин улутубуздун бөлүнбөгөн бөлүгү болуп, биздин өмүрүбүздө жана ансезимизде болуш керек.

Жыйындардын күчүнүн биримдигин мен көп жолу Оруссияга, Украинага, Казакстан, Азербайжанга баргандарда сездим. Бүт жактан мен архипастыр, клир, монахтардын жана ишенгендердин Православие үчүн кызмат кылгандарын монастырлардын, жана епархиялардын кызматын жеткилендикке алып келгенге иштегендерин көрдүм. Бул жыйындарды ийгиликтүү өскөнгө, биримдикте жана бирге иштешкенге үмүт берет.

Жүрөгүмдө толгон кубаныч менен сиздерди куттуктайм. Кесиптеш архипастырлар, ыйык кызмат кылуучулар, монастырларда турган адилеттүүлар жана бир туугандар, улуу жана куткаруучу майрам Ыйсанын Төрөлүшү менен жана Жаңы Жылыңар менен куттуктайм. Сыйыну аркылуу мен баарыңарга каалайм, кызганыч менен Кудайдын эркин аткарып, руханий жөндөмдөрдү азыр

Төрөлгөн дүйнөнүн Куткаруучусуна алып келип, Анын Аты азыр келечекте жана түбөлүктөн түбөлүккө ардайым даңкталсын. Амин.

**Москванын жана бүт Орусиянын Патриархы КИРИЛЛ**

**Ыйса Машаяктын Туулган Күнү**

**Москва 2010-2011 ж.**

---

Una fonte: https://mospat.ru/it/news/56204/